УДК 57(069)

# ЫСЫК-КӨЛ БИОСФЕРАЛЫК АЙМАГЫНДАГЫ ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ЖАРАТЫЛЫШ АЙМАКТАРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

***К.Б Суйундуков***

*“Ысык-Көл” биосфералык аймагынын дирекциясы Балыкчы, Кыргызстан*

Макала Кыргызстандын Ысык-Көл биосфералык аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын экологиялык абалын жана келечегин талдоого арналган. Мында Ысык-Көл биосфералык аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында жаратылыштын экологиялык системаларын, ланшафтарды, биотүрдүүлүктөрдү, генетикалык ар-түрдүүлүктөрдү сактоо, өнүктүрүү жана калыбына келтирүү, жаратылыш компоненттеринин акыбалын билүү максатында узак мөөнөттөгү мониторингтерди жана илимий иштерди жүргүзүү, калк арасында экологиялык тарбия жумуштарынын деңгээлин көтөрүү, жаңы технологияларды өнүктүрүү жана киргизүү максатын көздөйт.

Ошол эле учурда, аймактын социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүүсүнө ар-тараптуу көмөк көрсөтүү, жаратылыш менен коомчулуктун тыгыз байланышта болуусун камсыздоону көзөмөлдөйт. [1].

***Негизги сөздөр.*** биосфералык аймагы, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары, коруктар, жаратылыш паркы, жаратылыш коругу.

**Киришүү.** Акыркы мезгилдерде адам баласынын айлана чөйрөгө жана анын жаратылыш ресурстарына келтирген тескери таасирлерин эске алып, дүйнөлүк коомчулук тынчсыздануу менен кабыл алып, жаратылыштын экологиялык жагымдуу шарттарын камсыздоо, жана ушул күнгө чейин жеткен жаратылыштын баалуу байлыктарын ушул калыбында сактап, аны келечек муунга калтыруу негизги маселе.

Ысык-Көл биосфералык аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында болуп жаткан экологиялык маселелер арбын;

Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында жайыттардын пайдалануусу. Көлдүн абалына жана Ысык-Көлдүн жээгине олуттуу коркунуч, таштанды таштоочу жайлар, таштандыларды кайра иштетүүчү өндүрүшүнүн дээрлик жоктугу. Булгануунун ашыкча деңгээли жээктеги суулардын бир катар аймактарында байкала баштады. Бул тенденциялардын уланышы көлдүн санитардык коопсуздугуна шек келтириши мүмкүн.Топурактын табигый калыптанышында жана аны тазалоодо, ошондой эле көл бассейининин бүт жеринен ар кандай булгануусуна, жер үстүндөгү жана жер астындагы сууларды тазалоодо маанилүү ролу бар чычырканак токойлору азаюууда. Ысык-Көлдө бул токойлордо өзгөчө уникалдуу микроклимат түзүлөт.

Ошол эле учурда көлдүн мунай продуктылары менен булгануу коркунучун жараткан бензин жана дизелдик отун менен иштеген суу транспорт каражаттарынын санынын көбөйүшү чоң тынчсыздануну жаратууда. 2007 –жылдан баштап жайкы туристтик мезгилинде көлдө 62 реактивдүү лыжа жана 16 кеме иштеп, саны жыл сайын көбөйүүдө, алардын көбү уруксатсыз иштейт. [2].

Өзгөчө тынчсыздандырган нерсе - Ысык-Көлдүн ихтиофаунасынын абалы. Балык запастарынын азайышынын себеби - катаал браконьерлик жана балык запасынын жетишсиз көбөйүшү. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын биологиялык институту жүргүзгөн ихтиофаунанын абалына берилген баа боюнча, Ысык-Көлдүн балык запасы оор абалда. Балыктын эндемикалык түрлөрүнө тиешелүү чебачок жана чебак, ошондой эле ала-буга жана Ысык-Көл сазаны, алардын саны аз болуп, Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. [3].

Ысык-Көлгө балыктын санын көбөйтүү максатында Ысык-Көл биосфералык аймагынын дирекциясы Айыл-чарба жана мелиорация министирлигине караштуу, Балык чарба департаменти менен биргеликте 2011-жылдан бери Ысык-Көлдө байыр алган балыктын ар-кандай түрүнүн анын ичинде эндемикалык дагы балыктардын майда чабактары өндүрүлүп көлдүн участкаларына коё берилди. Сүрөт 1.2



1. Сүрөт. Өндүрүлгөн майда чабактар



2. Сүрөт. Ысык-Көл.Тоң району майдачабактардын көлгө коё берилиши

Таблица 1. Ысык-Көлгө балыктардын майда чабактары өндүрүлүп көлдүн участкаларына коё берилген майда чабактардын саны.

| № | Аталышы | 2011 мин. даана | 2012 мин. даана | 2013 мин. даана | 2014 мин. даана | 2015 мин. даана | 2016 мин. даана | 2017 мин. даана | 2018 мин. даана | 2019 мин. даана | 2020 мин. даана | Бардыгы мин.шт |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ысык-Көл сазаны | 50 | 5 | 50 | 70 | | | | 120 | | | 295 |
| 2 | Ысык-Көл сазаны | 50 | 5 | 50 | 70 | | | | 120 | | | 295 |
| 3 | Лудога май канаты | | | | | 800 | 2600 | | 3120 | 4301 | 1680 | 12501 |
| 4 | Карп | | | | | 50 | | | | | | 50 |

Жогорудагы аракеттердин баары браконьерлер балык кармоо үчүн, балык кармоочу торлорду массалык түрдө колдонгондуктан жакшы жыйынтык болбой жатат. Жергиликтүү калктын браконьерлигинен улам, Ысык-Көлдүн чабагы жана түрпүсү (чебачок), Ысык-Көл сазаны жана ала-буга эндемикалык балык түрлөрү жоголуп кетүү жөнүндө маселе жаралууда.Мындан тышкары, эски балык уулоо торлорунун калдыктары көлдүн түбүнө жана бетине топтолуп көптөгөн зыян алып келүүдө [4].

Жай мезгилинде браконьерлер балык кармоочу торлорду пляж аймактарынын жанына коюшат, бул дагы эс алуучулардын өмүрүнө коркунуч жаратат.

Браконьерликке каршы биосфералык аймактын дирекциясы тарабынан күрөш жүргүзүлүүдө. Ысык-Көл мамлекеттик жаратылыш коругун мисалга алсак.

Таблица 2. Ысык-Көл мамлекеттик жаратылыш коругунун 2017-2021-жылдары мыйзам бузган браконьерлерге карата түзүлгөн доо жана айып пул боюнча көрсөткүчтөрү: [5].

| № | жылдары | протокол | айып пул(сом) | доо (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2017 | 78 | 136 385 | 60 533 |
| 2 | 2018 | 24 | 23 300 | 57 427 |
| 3 | 2019 | 5 | 30 000 | 14 140 |
| 4 | 2020 | 7 | 43 000 | 30 805 |
| | бардыгы | 114 | 232585 | 162905 |



3. Сүрөт. Түп району рейд учурунда



4. Сүрөт. Жети-Өгүз району рейд учурунда

Бирок бул көрсөткүчтөр аз. Бюджеттин тартыштыгы ошону менен жаратылыш коргоодо мамлекеттик ишканалардын техникалык жактан камсыздалбаганы жана инспекторлодун жетишсиздиги кендирди кесүүдө. Азыркы учурда Ысык-Көл биосфералык аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында экологиялык кырдаалды эске алып, биосфералык аймагында климаттын өзгөрүү процесстерине ыңгайлаштыруу чараларын эске алуу менен эффективдүү эрежелерин иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгууда.

**Материалдар жана изилдөө методдору**

Кыргызстанда Ысык-Көл биосфералык аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын экологиялык абалын жана келечегин анализ кылууга Ысык-Көл биосфералык аймагындагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын отчеттору, Айыл-чарба жана мелиорация министирлигине караштуу Балык чарба департаментинин маалыматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын маалыматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттигинин материалдары пайдаланылды. Статистикалык, экологиялык методдор колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар**

Эң глобалдуу көйгөй жана жашоо турмушубуз талап кылган эң маанилүү маселе болуп экологиялык тең салмактуулукту, коопсуздукту камсыз кылуу. Туруктуу өнүктүрүү үчүн калкка биологиялык ар түрдүүлүктүн ресурстарын көп өлчөмдө пайдаланган жергиликтүү жашоочуларды социалдык жактан коргоону күчтөндүрүш учурдун талабы. Анткени, алар жер-жерлердеги биологиялык ар түрдүүлүктүн сакталышына түздөн түз таасирин тийгизе алышат. Ошондой эле жаратылышты пайдаланган айыл жашоочуларынын экосистемалар боюнча билимин жогорулатууну колдоо керек. [6].

Биосфералык аймактын экологиялык абалы көйгөйүн чечүү этап менен ишке ашырылышы керек. Тандалган аймактарга басым жасоо жана биринчи этапта Ысык-Көлдүн табигый чөйрөсүнө, биринчи кезекте анын ден соолукту чыңдоочу жана рекреациялык потенциалына эң чоң зыян келтирүүчү иштерди токтотуу максатка ылайыктуу. Бул көз караштан алганда, иш-аракеттердин конкреттүү программасын иштеп чыгуу жана ошол эле учурда өзүбүздү тар профилдеги же топтук кызыкчылыктар менен чектебей, өкмөттүк деңгээлде көйгөйгө комплекстүү мамиле кылуу зарыл. Биринчи этапта мындан аркы аракеттер үчүн платформа даярдоо зарыл, атап айтканда:

Жаратылыш ресурстарын сактоону толук көзөмөлдөө үчүн күчтүү мониторинг базасын түзүү.

- жаратылыш коруктарынын аймагын көбөйтүү
- браконьерликке каршы күрөштү күчөтүү
- балыктарга салынган синтетикалык торлордон арылуу
- балыктын эндемикалык түрлөрүн көбөйтүү үчүн базаны түзүү
- коомчулук менен иш алып баруу
- коомдук экологиялык инспектор институнун кириши зарыл

3 таблицада көрсөтүлгөндөй 8 жыл аралыгында балык уулоого салынган торлор 28 мин 344 штук, 2 млн 401мин 640 метрди түзүп, көптөгөн зыян алып келгени аныкталып турат. [5]. Алынган торлорду кайра иштетүү да негизги маселе. [7]

Таблица 3. Акыркы 8 жылдын ичинде жаратылыш коргоочу мекемелер тарабынан Ысык-Көл көлүндө кармалган балык кармоочу торлордун саны.

| № | Аталышы | 2013 | | 2014 | | 2015 | | 2016 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | шт | м | шт | м | шт | м | шт | м |
| 1 | **Ысык-Көл БАД** | 667 | 60030 | 607 | 58170 | 1159 | 106570 | 1050 | 102600 |
| 2 | **ИК МЖК** | 611 | 48880 | 736 | 58880 | 519 | 41520 | 511 | 40880 |
| 3 | **АЧММБД** | 2420 | 193600 | 2942 | 235360 | 2420 | 193600 | 3818 | 305440 |
| 4 | **ЭТК** | | | | | | | | |
| | **МИ** | - | - | 328 | 29520 | 542 | 48780 | 341 | 30690 |
| | **баардыгы.** | **3698** | **302510** | **4613** | **381930** | **4640** | **390470** | **5720** | **479610** |

| № | 2017 | | 2018 | | 2019 | | 2020 | | бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | шт | м | шт | м | шт | м | шт | м | шт | м |
| 1 | 1070 | 87600 | 546 | 40180 | 207 | 19400 | 139 | 11120 | **5445** | **485670** |
| 2 | 526 | 42080 | 176 | 14080 | 178 | 12460 | 772 | 61760 | **4029** | **320540** |
| 3 | 898 | 71840 | 408 | 40800 | 478 | 38240 | 850 | 68000 | **14234** | **1146880** |
| 4 | 294 | 26460 | 539 | 53900 | 1348 | 134800 | 1245 | 124400 | **4637** | **448550** |
| | **2788** | **227980** | **1669** | **148960** | **2211** | **204900** | **3006** | **265280** | **28344** | **2401640** |

Тиешелүү материалдарды жана региондун учурдагы социалдык-экономикалык абалын анализдөөдө, биосфералык аймакта калк менен жолугушууларда тактап айтканда, бир катар көйгөйлөрдү ачып берди:

Экологиялык тарбия жана билимдин төмөндүгү;

Экологиялык аң -сезимдин жана ой жүгүртүүнүн төмөндүгү;

Калктын айлана -чөйрөнү коргоо боюнча мыйзамдарды билбестиги;

Биосфералык аймактар жөнүндө облустук, шаардык, райондук жана айылдык мамлекеттик структуралардын кызматкерлерин жана калкты маалымдоонун жетишсиздиги. Калктын активдүү катышуусу, социалдык активдүүлүгү жогору болгондо гана мындай масштабдуу көйгөйлөр чечилиши мүмкүн.

Демократиялык коомдун жашоого жөндөмдүүлүгү көбүнчө бийлик менен карапайым элдин, коомчулук менен мамлекеттик бийликтин ортосунда туруктуу, конструктивдүү диалогдун болушуна көз каранды.

Биосфералык аймактагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын коргоодо жергиликтүү калк арасында топторду уюштуруу жана коомдук инспекторлор менен иштөө зарыл.

Коомдук уюмдар жарандардын кызыкчылыгын коргойт, алар курчап турган чөйрөнүн чыныгы абалы жөнүндө маалыматка ээ, жана калктын аң -сезимине олуттуу таасир эте алышат, ошону менен мамлекеттик саясатты жакшыраак ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүшөт, өткөөл мезгилдин кыйынчылыктарын жеңүүгө жардам беришет.

Калк менен биргеликте тыгыз иш алып барып, жаратылыштын баалуу байлыктарын ушул калыбында сактап, аны келечек муунга калтыруу негизги максат.

***Колдонулган адабияттар***

1. Кыргызстандагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары: Толкунбек Асыкулов - Бишкек: Турар, 2019. – С 32-40, С. 182-210.
2. Биологическое основы рыбного хозяйства водоемов Средней Азии и Казахстана. Фрунзе, 1978– С.198-206.
3. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана. Бишкек,2010. – С.25-36.
4. Кадастр генетического фонда Кыргызстана. Бишкек, 2015, т. 4. – С.13-23.
5. Отчеты ООПТ Биосферной территории «Ысык-Кель». – С 42.
6. Электронный ресурс.. https://cis.minsk.by/page/18424 «Забота об экологии начинается с каждого конкретного человека» (анализ состояния экологической сферы в странах СНГ, 2011 год)
7. Электронный ресурс.. http://www.chaskor.ru/article/norvezhskij_proekt_nofir_46937 Норвежский проект Nofir: экологичная переработка рыболовных сетей